**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**

КАБЫЛ АЛЫНДЫ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңеши тарабынан
Протокол №11
26 .06.2023-ж

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, профессор
_____________ К.Усенов
"___" _____________ 2023-ж.

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде ‘‘Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө ЖОБО

**Жалал-Абад– 2023**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде ‘‘Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосу**

## Жалпы жоболор

Бул жобо‘‘Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо боюнча ЖАМУда мамлекеттик аттестацияда студенттердин билимин көз карандысыз жана обьективдүү текшерүү максатында түзүлдү. Жобо компьютердик тестирлөөнүн жардамында студенттердин билимин баалоодогу методдорду жана инструменттерди аныктап, аны уюштурууга даярдыктын тартибин, уюштуруу жана өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу, талдоо, уюштурууга катышкандардын кызматтык милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

Жобо мамлекеттик аттестация жөнүндөгү төмөнкү нормативдик документтердеги эрежелерди сактоо менен ишке ашырылат:

1. КРнын “Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы;
2. “Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларда мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобо" (КРнын өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому);
3. "Ата мекендин тарыхы” дисциплинасы боюнча Мамлекеттик аттестациянын программасы. (КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин № 102/1, 19.02.2004-жылдагы буйругу)
4. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин “Жогорку окуу жайларынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана окуу пландарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Буйругу( Буйрук № 1455/1. 27.11. 2017-ж.)
5. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин статс-качысынын Кыргыз Репспубликасынын ЖОЖдорунун, атайын кесиптик орто окуу жайларынын директорлоруна, ректорлоруна багышталган каты(.№02- 1. 8514. 26.09. 20190

Мамлекеттик аттестацияны (МА) уюштурууга жана өткөрүүгө кызматтык милдеттерине ылайык структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери (факультетгердин декандары, институт, коллеждердин директорлору) жооптуу катары экзамендин жобого ылайык уюштурулушуна жооп берет. Тартип бузуулар аныкталган учурда тиешелүү кызматкерлердин КРнын эмгек Кодексине ылайык жоопкерчилиги каралат.

МАны жалпы уюштуруу жана көзөмөлдөө окуу бөлүмүнө (ОБ) жүктөлүп, тиешелүү проректор тарабынан координацияланат.

## Жалпы методикалык талаптар

6. Жалал-Абад мамлекеттик университетинде ‘‘Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестация компьютердик – тестирлөө менен (Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин статс-качысынын Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун, атайын кесиптик орто окуу жайларынын директорлоруна, ректорлоруна багышталган рекомендациялык мүнөздөгү көрсөтмөсүн (№02- 1. 8514. 26.09. 20190) жетекчиликке алып уюштурулат.

1. Тесттик база тиешелүү кафедралар тарабынан Мамлекеттик стандартка жана көрсөтүлгөн дисциплиналар боюнча Мамлекеттик аттестациянын программасына ылайык иштелип чыгат.
2. Тестирлөө үчүн колдонулуп жаткан программанын тиешелүү талаптарга (нормаларга) жооп бериши жана шайкеш келиши боюнча жоопкерчилик программаны иштеп чыккан техникалык адиске (авторго) жүктөлөт.

**Структуралык бөлүмдөрдүн иш аракеттери**

**факультеттердин деканаттары, институттардын дирекциялары:**

1. Компьютердик тестирлөөнү (КТ) баштоого бир жума калганда окуу бөлүмүнө тиешелүү материалдарды (студенттерди МАга киргизүү жөнүндө буйруктары , сынактык китепчелер. жыйынтык ведомосттор ж.б.) тапшырат, окуу акысынан карызы бар студенттерди МАга киргизбейт;
2. Кыргызстандын тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын географиясы предметтеринен академиялык карыздары жок студенттер жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет.
3. КТну баштоого бир жума калгандан баштап тайпалык консультацияларды жана алдын-ала сынамык тестирлөөнү уюштуруп, студенттерге тишелүү маалыматтарды жеткирүүгө милдеттүү;
4. КТну уюштуруу тартиби боюнча чогулуштарды өткөрүп, студенттерге түшүндүрүү иштерин жүргүзөт;
5. Тестирлөө күнү (жадыбалга ылайык) МАга кирүүчү студенттердин убагында келүүсүн камсыздайт жана алардын өздүгүн аныктоого түздөн-түз жооп берет;
6. Тиешелүү факультеттин (колледж, институт) жетекчилери МАнын жүрүшүн көзөмөлдөөгө милдеттүү жана студенттердин өздүгүнө түздөн түз жооп берет;
7. Мамлекеттик аттестацияны кайра тапшыруу МАнын жалпы эрежелерине ылайык уюштурат. МАнын жыйынтыгында “Канааттандыраралык эмес” баа алган студенттерди күздө тапшыруу жолу менен шарттуу түрдө курстан курска которууга билдирүү даярдайт.
8. Себепсиз МАга келбей калган ( академиялык жана окуу акысынан карыздары үчүн МАга киргизилбей калган) студенттерди окуудан чыгарууга билдирүү даярдайт;

**Тиешелүү кафедралардын башчылары:**

1. Мамлекеттик аттестация башталаардан бир ай мурун тесттик материалдардын электрондук базасы түзүлүп, кафедранын кеңешмесинде талкуулап тестирлөө борборуна тапшырылышын камсыздайт;
2. Мамлекеттик аттестация башталаардан үч ай мурун комиссиянын курамы боюнча ОБга сунуш берет;
3. КТну уюштуруу жана өткөрүүнүн эрежелери боюнча маалыматты МАлык комиссиянын ар бир мүчөсүнө жеткирүүгө милдеттүү;
4. Белгиленген мөөнөттө мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагаларынын отчетторун тапшыруусун камсыздайт.

**ОБнын адистери:**

1. МАны өткөрүү боюнча тиешелүү жетекчилер менен биргеликте жадыбал түзөт (факультеттердеги адистиктердин ар бир тайпалары боюнча студенттердин санына жараша аудиторияларга бөлүштүрүү);
2. МАны уюштуруу укуктук-нормативдик документтердин негизинде жүрүшүн көзөмөлдөйт;
3. Факультеттин методисти, техникалык катчы менен бирге МАга кирүүгө буйрук (кошумча буйрук) чыккан студенттердин тизмесин тактайт;
4. Өздүгүн тактаган (зачеттук китепче, паспорт, аскердик билет же айдоочунун күбөлүгү) документинин негизинде студентти МАга киргизүүсүн көзөмөлдөйт;
5. Техникалык катчылардын МАнын жыйынтыгы боюнча документтерди (протоколдорду, ведомостторду, сынактык китепчелерди, жыйынтык ведомость ж.б.) убагында бүтүрүп, ОБга тапшыруусун камсыздайт;
6. Аткарылган иш чаралар боюнча ОБнын башчысына билдирүү берүүгө милдеттүү;
7. МАга тиешелүү иш кагаздарды жыйынтыктап, архивге тапшырууга катышат жана ишке ашырат.

**Компьютердик администраторлор: Тестирлөө борборуна:**

1. Тесттик материалдардын базасын түзүү жана коргоо процедураларындагы конфиденциалдуулуктарды сактоого милдеттүү;
2. МА башталганга бир жума калганда тесттердин даярдыгы, тестирлөөнү автоматташтыруучу программанын иштөөсү боюнча маалыматты ОБга тапшырат;
3. Тапшырылган иштерди оперативдүү түрдө компьютердик иргөөнүн жардамында тестирлөөнүн жыйынтыгын чыгарат;
4. КТ процедурасы бүткөндөн кийин 3-6 сааттын ичинде КТ жыйынтыктоо;
5. Комиссия мүчөлөрүнө студенттердин арызынын негизинде аппелляцияга кирип көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берет.
6. МАны уюштуруу учурунда компьютерлердин жана программалык камсыздоонун үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздайт.

**Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү:**

1. Тестирлөө болуп жаткан аудиторияда сөзсүз болуп, КТнун жүрүшүн көзөмөлдөөгө милдеттүү;
2. КТнун эрежесин бузган студентти тест тапшыруу укугунан ажыратууга укуктуу (дисциплинардык тартип бузуу аныкталган учурда ОБ тарабынан алдын ала берилген нормага ылайык протокол түзүп, бланкаларды кошуп ОБга тапшырат);
3. КТнун алдында студенттерге тести кантип тапшырууну түшүндүрөт;
4. МАнын жыйынтыгы боюнча студенттердин алган баалары деканат тарабынан берилген аттестациялык ведомостко МАКнын төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан кол тамгасы коюлат ;
5. Тесттик протоколдор комиссиянын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн колдору коюлгандан кийин МАнын катчысына берилет.
6. Конфликттик жана талаш жагдайларды чечүү МАлык комиссиянын мүчөлөрүнүн катышуусу, МАКнын төрагасынын жетекчилиги менен жүргүзүлөт.

**Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын катчысы:**

1. МАга бир жума калган учурда, деканат тарабынан даярдалган студенттердин окуу планын аткаргандыгы тууралуу жетишкендиктин жыйынтык ведомостун, сынак китепчелерин, МАнын ведомосторын камсыз кылат.
2. Эки жуманын аралыгында МАКтын отурумунун графигин ОБга тапшырат;
3. МАКтын мүчөлөрүнө алардын иштөө жадыбалы тууралуу кабар берет жана ар биринин МАКка үзгүлтүксүз катышуусун камсыздайт;
4. МАКтын иштөөсү үчүн аудиторияларды бөлдүрүү тууралуу ОБ менен макулдашат;
5. МАКтын отурумунун протоколдорун, студенттердин сынак, китепчелерин, ведомостторду жана башка нормативдик документтерди толтурат.

**Мамлекеттик аттестацияга катышуучу студенттерге коюлуучу талаптар:**

1. "Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы" дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестацияга МАга кирген дисциплиналардан тиешелүү сынактарды тапшырган жана келишимдик акыдан карызы жок студенттер катышат;
2. Орто-кесиптик билимдин базасында окуусун ЖОЖдо улантып жаткан студенттер мамлекеттик аттестацияны тапшырышат.
3. Жогорку билимдин базасында окуп жаткан студенттер «Кыргызстандын тарыхы» дисциплинасы боюнча мамлекеттик сынакты тапшырган болсо, кайрадан ''Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы" дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды тапшырат.
4. Жогорку билимдин базасында окуп жаткан студенттер''Кыргыз тили жана адабияты»,

«Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы" дисциплиналары боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды тапшырган болсо 2020-2021-окуу жылынан баштап алар декандын , директорлордун билдирүүсүнүн негизинде ректордун буйругу менен тестирлөөдон бошотулат.

5.Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды тапшыруу учурунда электр энергиясы, интернет үзгүлтүккө учураган ( форсмажор) учурларда МАКнын актысынын жана деканат(дирекциянын) билдирүүсүнүн негизинде бекитилген графикке проректордун уруксаты менен башка күнгө же убакытка жылдыруу аркылуу өзгөртүү киргизилет.

6. Компьютердик тестирлөөгө катышууга уруксат алган студент, сынакка 10 мүнөт эрте келип, атайын белгиленген жерге бардык окуу материалдарын (китептер, сумка ж.б) калтырат да, тестирлөөгө керек болгон гана буюмдарын (документтер) алып кирет;

7. Компьютердик тестирлөө учурунда уюлдук телефондорду өчүрүп коюусу жана аны колдонбоо милдеттендирилет;

8. Өзүнүн туура жоопторун белгилеп чыгарылган протоколдо көрсөтүлгөн жерлерге сынактык кол тамгасын коет жана тесттин протоколдорун комиссияга тапшырат. Тестирлөөнүн узактыгы 30 мүнөт;

9. Тестирлөө учурунда шпаргалка колдонууга, бирөө менен сүйлөшүүгө, уюлдук телефонду колдонууга жана аудиторияда басып жүрүүгө тыюу салынат;

10. Жобонун эрежелерин бузган студент сынактан чыгарылат жана студенттин тестирлөөдөн алган упайы(балл) комиссиянын протоколунун негизинде, комиссиянын төрагасы тарабынан жокко чыгарылат;

11. Сынактын жыйынтыгы менен макул эмес студенттер МАКтын төрагасына, КТ бүткөндөн кийин ошол эле күнү ишин карап берүү боюнча арыз жүзүндө кайрыла алат;

12. МАда КТ алган баасына макул эмес студенттер, сынакты тапшырган күнү өзүнүн тестирлөө ишинин апелляциясына катышып, баалоонун обьективдүүлүгүнө күбө боло алат. КТнун апелляциясы ошол күнү МАКнын катышуусу менен жеринде өткөрүлөт;

13. Жыйынтык бааны эсептөөдө, апелляциялык комиссиянын жыйынтыгы эске алынат, протокол түзүлүп баа коюулат же өзгөртүүсүз калат ;

14. Апелляциялык комиссияга МА мүчөлөрү жана техникалык жактан жооптуу адис кирет жана МА төрагасы жетекчилик кылат.

15. Мамлекеттик аттестацияны кайра тапшыруу МАнын жалпы эрежелерине ылайык жүргүзүлөт. МАдан "канааттандырарлык эмес" баа алган студенттер күздө тапшыруу жолу менен шарттуу түрдө курстан курска которулат, эгерде күзүндө тапшырбаса окуу жайдан чыгарылат.

16. Студент жүйөлүү себеп менен (алдын ала документалдуу тастыкталган ден-соолугуна же үй-бүлөлүк шартына байланыштуу) МАга катышпай калса, студенттердин катарынан чыгарбай туруп МАны тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.

**Баалоо системасы**

Жыйынтык баалоо 100 баллдык система менен жүргүзүлөт жана зачеттук китепчеге(транскриптке) , аттестациялык ведомостко төмөнкү шкаланын негизинде коюлат:

| № | Туура жооптордун саны | Балл | Баасы |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-15 | 0-49 | «канааттандырарлык эмес» |
| 2 | 16- 20 | 50-64 | «канааттандырарлык» |
| 3 | 21-25 | 65-89 | «жакшы» |
| 4 | 26- 30 | 90-100 | «эң жакшы» |

«Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы"
дисциплиналары боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу

**Мамлекеттик аттестацияны компьютердик тест түрүндө тапшырууда аткарылуучу кадамдардын удаалаштыгы:**

**1- Кадам:**
- Логин, паролду жазуу

**2- Кадам:**
- Тестти баштоого киришүү

**3- Кадам:**
- Тесттин суроосун тандоо
- Суроолорду номерлери боюнча тандоо
- Жооптордон туура вариантты тандоо

**4-Кадам:**
- Жыйынтыктоо

**Эскертүү:**

- Тестти толук белгилеп бүтпөй туруп аяктоону баспоо керек,
- Тестти тапшыруунун мөөнөтү 30 мүнөт

Жобону даярдагандар:
Сакбаева З.И.
Авазов Э.А.
Мирзахмедова А.А.